## СЕКЦИЯ 4. «ФОРМИРОВАНИЕ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКИХ КОМПЕТЕНЦИИ У СТУДЕНТОВ ПО ВОПРОСАМ ИНКЛЮЗИВНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ПОДГОТОВКИ В ВУЗЕ»

УДК: 373.31
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-253-256

**Абдраева Н.Э., Куканова М.А., Сегизбаева Н.К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, доц.м.а,
И.Арабаев атындагы КМУнун ага окутуучусу
**Абдраева Н.Э., Куканова М.А., Сегизбаева Н.К.**
и.о.доц. КГУ им. И.Арабаева
Старший преподаватель КГУ им. И.Арабаева
**Abdraeva N.E., Kukanova M.A., Segizbaeva N.K.**
Acting Assoc. KSU named after I. Arabaeva
KSU named after I. Arabaeva Senior Lecturer

# ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРДЫ ҮЙРӨТҮҮНҮН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ОСНОВНЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ ИНТЕРАКТИВНЫМ МЕТОДАМ

# BASIC QUESTIONS OF INTERACTIVE LEARNING

**Аннотация:** Макалада азыркы илим менен техниканын өнүккөн доорунда мектеп окуучусуна көркөм чыгарманы окутуу бир топ тоскоолдукту жаратып келгендиги, интерактивдүү ыкмалар бул маселеден чыгуунун бир жолу катары эсептелгени тууралуу сөз болот. Себеби, ар бир окуучу, ал эмес мектепке чейинки балдар коомдо компьютер, интернет, бүткүл дүйнөлүк желеден маалымат алууга мүмкүнчүлүк алып турган чак. Окуучу түзүлгөн мүмкүнчүлүккө ылайык, коомдогу өзгөрүүлөр, дүйнөдө болуп жаткан окуялар менен кабардар болуп жатат, бул көрүнүш, албетте, кубантпай койбойт. Макалада мындан сырткары интерактивдүү ыкмаларды үйрөтүүнүн негизги маселелери жөнүндө сөз болот.

**Аннотация:** В данной статье говорится о интерактивных методах, которые позволяют решить некоторые преграды при обучении школьников художественных произведений в век развития современной науки и техники. Так как, не только каждый учащийся, но и дошкольники увлекаются больше компьютером, интернетом, разными гаджетами, имеют доступ к информации по всему миру. Шагая в ногу со временем, это явление, в свою очередь предоставляет учащимся большие возможности к доступу нужной им информации. Помимо всего в статье идет речь об обучении основных интерактивных методов, используемых на занятиях.

**Annotation:** This article discusses the fact that in the age of modern science and technology, the teaching of art to schoolchildren has been a major obstacle, and interactive methods are considered as a way out of this problem. This is because every student, and even preschoolers, have access to computers, the Internet, and the World Wide Web in society. According to the opportunity created by the student, he is aware of the changes in society, the world events, and this phenomenon, of course, is gratifying. The article also discusses the main issues of teaching interactive methods.

**Негизги сөздөр**: заманбап билим берүү, интерактивдүү ыкма, окуучу, метод, милдет, маселе ж.б.

**Ключевые слова:** современное образование, интерактивные методы, ученик, метод, задача и.т.д.

**Keywords**: modern education, interactive methods, student, method, task, etc.

Азыркы илим менен техниканын өнүккөн доорунда мектеп окуучусуна көркөм чыгарманы окутуу бир топ тоскоолдукту жаратып келүүдө. Себеби, ар бир окуучу, ал эмес

мектепке чейинки балдар коомдо компьютер, интернет, бүткүл дүйнөлүк железден маалымат алууга мүмкүнчүлүк алып турган чак. Окуучу түзүлгөн мүмкүнчүлүккө ылайык, коомдогу өзгөрүүлөр, дүйнөдө болуп жаткан окуялар менен кабардар болуп жатат, бул көрүнүш, албетте, кубантпай койбойт. Бирок ошол эле мезгилде, окуучу өзүнүн жаш өзгөчөлүгүнө туура келген да, келбеген да маалыматты ылгабай кабыл алууда.
Мунун натыйжасында таалим-тарбия берүү ишинин максаты, мазмуну, тарбия берүүнүн ыкмалары, жолдору окуучунун жан дүйнөсүнөн барган сайын алыстап, окутуу ишинде жадатма көрүнүшкө айланып жатат.

Окутуу, тарбиялоо ишинин руханий жана маданий асылдуулугу төмөндөп, мугалим «сабак берүүчү каражаттын» гана милдетин аткарып калгандыгы бүгүнкү күндөгү коомдогу кейиштүү, ары көйгөйлүү маселелерден. Окуучу коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү өтө ыкчамдык менен кабыл алгандыктан, ага байыркы тарыхты, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн мажбурлабай, өзү билимди өздөштүрүүгө кызыктар, муктаж болгондой методдорун, ыкмаларын табуу негизги көйгөй экендиги талашсыз.

Е.А.Ямбург: «хаоско, агрессияга, ар кандай руханий эпидемияга каршы турууга адамзат жараткан бардык маданий ресурстарды, баалуу рухий тажрыйбаны жана сезимди мобилизациялоо зарыл. Ушул жагдайдан алганда, педагогика Платондун мезгилиндеги үзгүлтүккө учураган философиялык-педагогикалык салтты калыбына келтирүү менен чыпканын ролун өзүнө алышы керек», – деген оюн билдирет . Мына ушул жагдайдан алганда салттуу элдик тарбия кайрадан актуалдуу болуп чыга келет жана педагогдордун ага кайрылып жатышы кокустук эмес. Бардык эле элдердин руханий тажрыйбалары болуп элдик оозеки чыгармачылык, адамзат жараткан баалуулуктар эсептелет. Мында маданий аралык мамиленин конструктивдүү күчү, аны бекемдөө зарылдыгы каралат. Анткени дидактикалык чыгармалар элдин философиялык, диний, педагогикалык идеяларын, кылымдап калыптанып келген тажрыйбаларын көркөм формада чагылдырат жана коомчулук стабилдүүлүктү жоготуп, кризиске учурап, жаңы багытты түзүүгө муктаж болуп турган мезгилде алдыңкы планга чыга келет.

Интерактивдүү ыкмаларды өтүүдө алардын өзгөчөлүктөрү адабият сабагында эске алынбаса, анын идеялык-эстетикалык баалуулуктары окуучуга толук жетпей калат. Ошондуктан окутуу ишинде алардын өзгөчөлүктөрүн ачыктап, окуучуга жеткирүү мугалимдин иш-аракетинен көз каранды. Интерактивдүү ыкмаларды колдонууда эске алынуучу эң биринчи өзгөчөлүк, интерактивдүү ыкмалардын алгачкы авторунун белгисиздиги, муундан-муунга оозеки жеткендиги жана айрым алымча-кошумчаларга учурагандыгы, башкача айтканда, көп варианттуулугун эске алуу зарыл.

Экинчи бир өзгөчөлүгү, мифтик, тотемдик, анимизмдик, магиялык түшүнүктөрдүн орун ала тургандыгы. Булар жөнүндө «тилинде сөөлү, тишинде мөөрү» бар адамдарды ойлоп табышканын, айрым адамдардын айтканы сая кетпеген «касиеттүү» күчүн көрсөткөн, «каргышы жетти», «тилинен тапты» деген түшүнүктөр да сөздүн күчүнө терең ишенгендиктен келип чыккандыгын окуучуга ачып берүү шарт.

Үчүнчү өзгөчөлүк, интерактивдүү ыкмалардын көпчүлүгүндө фантазиянын күчтүүлүгү, ошол бир убактагы кыялдар, фантазиялар бүгүнкү күндө ишке ашып отургандыгын, мисалдар менен бекемдөө натыйжалуу. Мисалы, «мүрөктүн суусу» – дары суу түркүн ооруга даба болгон, муну менен элдин аң-сезимин, туюмун изденүүчүлүк ээлегендигин айкындап турат. Демек, кыргыздар акылы менен бардык оорудан арылуу жолун издегендиги байкалат. Көз ачып-жумганча самаган жерге жетүү азыркы күндө ишке ашкандыгы маалым. Элдик оозеки интерактивдүү ыкмаларды калыптанып келе жаткан өспүрүм угуп, андан тарбия алып, сезимтал, акылдуу, чечен эле эмес изденүүчүлүккө да багытталгандыгы жогоруда келтирилген мисалдан көрүнүп турат.

Төртүнчү өзгөчөлүк, элдик оозеки чыгармаларда туруктуу эпитеттердин, туруктуу кайталоолордун кеңири орун алып, «илгери өткөн заманда» дегендей туруктуу башталуулардын, «жыргап, куунап жашап калыптыр», – деген туруктуу аяктоолордун кезиге тургандыгы, мындай материалдардын эң негизги мааниси - жакшылыктын келиши, элдин

көп кылым бою күткөн үмүтү, кыялы, тилеги болгон. Жомокту уккан өспүрүм уюп, кыял чабыты тереңдеген. Жомоктун аягы «жыргап-куунап жашап калышкан экен», – деп бүткөн. Демек, элдин күткөнү жакшылык, бактылуу өмүр сүрүү болгон.

Бешинчи өзгөчөлүк, элдик жомоктордо таз, кедей, жетим бала өңдүү туруктуу оң каармандардын, хан, бай сыяктуу терс каармандардын боло тургандыгын бөлүп көрсөтүүгө болот. Демек, мугалим мына ушул өзгөчөлүктөрдү эске алып, аны окуучуга жеткире билгенде гана интерактивдүү ыкмаларды жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Азыркы учурда интерактивдүү ыкмаларды колдонууда дагы бир көйгөй бар. Мектеп практикасында өзүбүз байкагандай жана эксперименталдык класстардын натыйжалары көрсөткөндөй, соңку жылдарда окуучулардын көркөм чыгармаларга кызыгуусу кескин басаңдап жаткандыгы жашыруун көрүнүш эмес. Мунун себептери – элдик оозеки чыгармалардан алыстап калгандыгыбыз, көрсөтмөлүү, окуучунун көңүлүн өзүнө бура турган кыргыз тилдүү, кызыктуу адабий жомоктордун, материалдардын дээрлик чыкпай, чыкса дагы аз санда чыгышы, ошол эле убакта жарык көргөн китепти алып берүүгө ата-эненин материалдык мүмкүнчүлүгүнүн жетпегендиги, ж.б. ушул сыяктуу көрүнүштөр интерактивдүү ыкмаларды окуучулардын кабыл алуусунда бир топ тоскоолдуктарды алып келүүдө.

Адабиятчылар, жазуучулар жана педагог-практиктер бир добуштан баланы көркөм дүйнө менен тааныштыруу жана алардын өздүк чыгармачылыгын өнүктүрүүгө үйрөтүүнү баланын эң жаш курагынан баштоо керек деген ойлорун айтып келишет. Өзгөчө баланын 7-12 жаш курагы эң жемиштүү жылдар деп эсептелет, анткени баланын мектеп босогосун атташы менен анын кабыл алуусу стихиялуу, аңдоосуз түрдө болот жана искусство алар үчүн ойдон чыгарылып баяндалгандай сезилет.

Таң калыштуусу бир катар окумуштуулар жана педагогдор окуучунун адабияттык-чыгармачылык жөндөмүнүн өсүшүнө көңүл бурушат, ал эми жазуучулар (Л.Н.Толстой, К.И.Чуковский, С.Я.Маршак ж.б.) баланы ийгиликтүү эстетикалык тарбиялоо мүмкүндүгүн ушул жолдон көрө алышкан.

Бирок изилдөөчүлөр, биринчиден, адабияттык-чыгармачылык жөндөм аз гана балага тиешелүү, ошондуктан алардын өнүгүшү жалпы эстетикалык тарбиянын милдеттерине кирбейт, экинчиден, бул көйгөй кандайдыр бир деңгээлде адабият жана тил сабагында чечилет деген ойлорун билдирет. Бул айтылгандын экөөнө тең макул болууга болбойт. Муну жылдан жылга мектеп дил баяндарында тил байлыгы кемип, көркөм сөздү, өз элинин жан дүйнөсүн ачык сезе албагандардын көбөйүшүнүн фактысын негиздеп жыйынтык чыгарууга болот. Окуучунун адабий-чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү биздин күндөрдө реалдуу жана актуалдуу көйгөй. Бул көйгөйдү чечүүдө өзгөчө көңүлдү кенже мектептик куракта көңүл буруу маанилүү, анткени биздин коомчулуктун рухий жашоосунун чыныгы жаңылануусу балдарды окутуу, тарбиялоо жана өсүп-өнүктүрүү баланын эң биринчи мектепке барган күнүнөн баштап ишке ашырылганда гана мүмкүн болот. Баладагы адабияттык чыгармачылык жөндөмдү өнүктүрүүнүн бирден-бир маанилүү жолу – бул эстетикалык тарбиялоонун элдик-педагогикалык принциптерин жандандыруу жолу болуп эсептелет, анткени бала эң жаш курагынан баштап чыгармачылык ишкердүүлүккө активдүү кирише баштайт. Бала эң жаш курагынан баштап элдик майрамдарга, ырым-жырымдарга катыша баштайт да, билинбей эле дидактикалык салтты алып жүрүүчү болуп калат. Ар бир бала ар кандай жерде ыр кесеге же оюндарга катышып, ырдап, бийлеп, чыгармачылыгын көрсөтө алган, б.а., ал жөн гана угуп же көрүп кабыл албастан сөздүн түз маанисинде – жаратат.

Заманбап коомдо балдарга адабияттык чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү ар түрдүү кесиптердин жаңылануу шартында адамдардын оюн туура жана так жеткирип берүүсүнүн маанилүү жагы менен бекемделет. Ошого байланыштуу интерактивдүү ыкмаларго, дидактикалык салтка кайрылуу өсүп келе жаткан инсанды эстетикалык тарбиялоодо жана чыгармачылыгын өнүктүрүү милдетин эффективдүү чечүүгө мүмкүндүк берет. Бул жаатта

өсүп келе жаткан муунду тарбиялоодо элдин кылымдап калыптанып келген көркөм чыгармачылык тарбиясын көңүл сыртында калтырууга болбойт.

Интерактивдүү ыкмалар – инсанды ар тараптан өнүктүрүүнү жана анын шык-жөндөмүнүн өнүгүшүн активдештирүүчү кыймылдуу каражат. Акыркы жылдары биздин коомчулукта интерактивдүү ыкмаларга болгон кызыгуу төмөндөп жаткандыгын моюнга албай коюуга болбойт. Ошондой болгонуна карабай балдарды жана жаштарды улуттук маданиятка жана биздин коомчулуктун тегине туура келбеген, «жат-өздүк» маданиятты мажбурлоо менен киргизүү көйгөйү курч жана актуалдуу бойдон калууда. Бул көйгөйдүн кесепетинен жаш мугалимдердин арасында чыгармачылык активдүүлүк басаңдап, сөз байлыгы жана жан дүйнөгө таасир этүүчү көрүнүштөрдүн барган сайын азайуусуна алып келүүдө. Бирок өспүрүмдөрдүн адабий-чыгармачылыгын өнүктүрүү менен интерактивдүү ыкмалардун ортосундагы байланышты издөөдө окуучуларга бир гана интерактивдүү ыкмаларды үйрөтүү менен чектелүүгө болбойт. Адабий окуу сабагында тексттерди колдонууда интерактивдүү ыкмалар тиричилик искусствосу экендигин көңүлгө алуу маанилүү.

Салттуу окутуу – интерактивдүү ыкмаларга караганда кеңири түшүнүк. Бул жаңыча окутууну окуучунун аң-сезимине чөктүрүү – демек, аны активдүү чыгармачылык менен бекемдөө дегенди билдирет. Качан адабий чыгармачылыкка карата өспүрүмдүн шыгы жана бул шыкты өнүктүрүү жөнүндө сөз болгондо көпчүлүк учурда бул көйгөйдү чечүүдө ар түрдүү көз караштар менен бет келүүгө туура келет. Көпчүлүк педагогдордо жана адабиятчыларда: «окуучуда адабияттык жөндөм жаратылышынан бар же жок болот ага аралашуу эч натыйжа бербейт» – деген күчтүү ынандыруу кездешет. Бирок көпчүлүк окумуштуулар жана психологдор окуучунун тубаса жөндөмү жана өзгөчөлүгү акыл жана физикалык жактан өнүгүүсүндө белгилүү деңгээлде мааниге ээ, бирок окуучунун ийгиликтүү өсүүсүндө чечүүчү ролду ала албайт» – деген оюн билдиришет. Ар бир дени сак бала бардык адамзаттык ишмердүүлүк жөндөмдөрүнүн түрлөрүн өнүктүрүү мүмкүндүктөрүнө ээ. Бирок бул мүмкүндүктөр өзгөрүүсүз бойдон калбайт жана жаш өйдөлөгөн сайын акырындап, басаңдап өчө баштайт. Ошондуктан жагдай-шарт өсүүдөн алдыга озуп кетиши маанилүү. Чыгармачылык жөндөм чыгармачылык ишмердүүлүктө гана өнүгө алат. Жөндөм жөндөн-жөн эле өз алдынча «бышпайт», ал сырткы кийлигишүүгө көз каранды.

Өз мезгилинде өсүү жөндөмүн колдон чыгарбоонун маанилүүлүгү тууралуу окумуштуу жана педагогдор «биздин трагедиябыз өсүүнүн башталышынан кечигип калганыбызда. Баланын толук кандуу өз убагында өнүгүүсүнөн жаш курагында ажыратуу менен биз бардык жашоосундагы өнүгүүсүнүн төмөндөөсүнө дуушар кылып, чоң күч жана убакытты жоготуусуна жана төмөнкү жыйынтык көрсөткүчүнө алып келебиз да андан кийин гана «бул ушундай төрөлүп калган» – деп өз оюбузду бекемдейбиз жана бул көпчүлүк балдардын «тагдыры», – деп жазып келебиз [77. 277-б.]. Эмгек ишмердүүлүгүндө, тиричиликте жана эс алуу учурунда чоңдор менен балдардын байланышпагандыгы – балдарды тарбиялоодо жоголуп бараткан салт экендигин баамдоого болот. Бул салт менен бизди интерактивдүү ыкмалардын ар кандай түрлөрү: кластер, синквейн, даймонд тааныштыра алат. Балдарды эмгекке, акылга жана көркөмдүккө тарбиялоо табигый түрдө чоңдор менен балдардын комплекстүү карым-катышынын натыйжасында жүргүзүлгөн. Балдардын эмгек, оюн ж.б. ишмердүүлүгү чоңдор тарабынан ойлонуп табылган.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев. А.А. Интерактивдүү ыкмалар жана инсандар [Текст] / А.А. Акматалиев, С.М. Мусаев // Замана Кыргызстан, 1996. – №48. – 17-б.
2. Алимбеков А.А. Кыргыз элинин билим берүү салттары: Окуу куралы. [Текст] / А.А. Алимбеков– Б.: Педагогика, 2001. – 44-б.
3. Алымов Б.А. Кыргыз совет адабиятын колдонуунун айрым маселелери. [Текст] / Б. А. Алымов – Фрунзе: Мектеп – 1976.

4. Асмус В.Ф. Чтение как труд и творчество [Текст] / В.Ф. Асмус // Вопросы теории и истории эстетики. Сб. статей. – М.: Искусство, 1968. –С. 62-63.

УДК 374
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-257-259

**Абдыразак кызы Машхура**
Эл аралык Кувейт университетинин араб тили, лингвистика жана педагогика кафедрасынын магистранты
**Абдыразак кызы Машхура**
магистрант кафедры арабского языка, лингвистики и педагогики Международного Кувейтского университета
**Abdyrazar kyzy Mashkhura**
Graduate student at the Department of Arabic Language, Linguistics and Pedagogy International Kuwait University

# АРАБ ГРАММАТИКАСЫНДАГЫ МЕКТЕПТЕР (КУФА МЕКТЕБИ)
# ШКОЛЫ С АРАБСКОЙ ГРАММАТИКОЙ (ШКОЛА КУФА)
# SCHOOLS WITH ARABIC GRAMMAR (KUFA SCHOOL)

**Аннотация:** Бул макаланын изилдөөсүндө араб тилинин грамматикасынын пайда болушуна, өнүп өсүүсүнө жана инклюзивдик билим берүүгө белгилүү ислам аалымдарынын, окумуштуулардын жана ойчулдардын кошкон салымы жөнүндө анализ жүргүзүлөт. Тактап айтканда араб грамматикасындагы Куфа мектебинин өмүр таржымалы, аалымдары жана Басра мектебинен айырмачылыктары жана инклюзивдик билим берүү тууралуу сөз болот.
Изилдөөнүн натыйжасында араб грамматикасына салым кошкон аалымдар жөнүндө да кыскача айтылды.

**Аннотация:** В данной статье анализируется вклад известных исламских ученых и мыслителей в формирование и развитие грамматики арабского языка. В частности, биография куфинской школы арабской грамматики, ее учёных и ее отличия от басрской школы. В результате исследования были также кратко упомянуты ученые, которые внесли свой вклад в грамматику арабского языка.

**Annotation:** The present article analyzes the contribution of famous Islamic scholars and thinkers to the formation and development of the grammar of the Arabic language. In particular, the biography of the Kufa school of Arabic grammar, its scholars, and its differences from the Basra school. As a result of the study, scholars who contributed to the grammar of the Arabic language were also briefly mentioned.

**Негизги сөздөр:** тарых, эрежелер, терминдер, инклюзивдик билим берүү.
**Ключевые слова:** история, правила, термины, инклюзивное образование.
**Key words:** history, rules, terms, inclusive education

Ар бир нерседе эреже, тартип жана ыкма бар сыяктуу ар бир тилдин да өз эрежеси, тартиби жана ал тилде сүйлөө ыкмасы болот. Араб тили да башка тилдер сыяктуу сөзгө өтө бай жана баалуу болгондуктан ал тилде эрежеси менен сүйлөгөн адам ырахат менен сүйлөйт. Инсан араб тилинде сүйлөгөндө кудум эле математикалык формулаларды колдонуп сүйлөгөндөй туюлушуна бирден-бир грамматика (Нахв) илим жардам берет. Себеби, араб тилиндеги грамматика (нахв) илими сөздөрдүн аягындагы аракеттерди[2] үйрөтүүчү илим. Ал эми, араб тилиндеги сарф илим – сөздөрдүн түзүлүшүн жана куралышын үйрөтүүчү илим. Бирок, биздин бул макаладагы темабыз араб тилинин грамматикасынын пайда болушу тууралуу сөз кылмакчыбыз.

[2] Фатха, касра жана домма.